"БЕКИТЕМИН"
Ош МУнун ректору,
профессор

К.Т. Кожобеков
« ___ » ______ 2023-ж.

**2023-жыл Ош МУда "Сергек жашоо жана ден соолук" жылына карата**
**спорттун "кичи-футбол" түрү боюнча Ош МУнун ректорунун кубогун өткөрүү боюнча**

# ЖОБО

*Ушул жобо спорттун "кичи-футбол" түрү боюнча Ош МУнун ректорунун кубогун өткөрүүдө жалпы эрежелерин аныктайт.*

## 1. Мелдештин максаты жана милдети

1.1. Ош шаарында жайгашкан ЖОЖдордогу жана ОшМУнун факультеттер, колледждер аралык профессордук - окутуучулук курам жана кызматкерлери ортосунда сергек жашоого үндөө, дене тарбияны жана спортту пропагандалоо;
1.2. Окутуучулар ортосундагы достук мамилелерди жана ынтымакты арттыруу;
1.3. Спорттун "кичи-футбол" түрүн өнүктүрүү жана жайылтуу.

## 2. Мелдешти өткөрүүнү жетектөө

2.1. Ош МУнун спорт клубу жана калыстар тобу.

## 3. Мелдештин катышуучулары

3.1. Ош МУнун ректорунун кубогу "жогорку лига" жана "биринчи лига" болуп эки лигада өткөрүлөт.
3.2. *Жогорку лигада:* Ош шаарында жайгашкан ЖОЖдордун курама командалары (Ош ТУ, Ош МПУ, КӨЭУ), Ош МУнун спартакиадасынын жыйынтыгында 40 жашка чейинки жаш куратагы командалар ортосунда биринчи төрт илтикке кирген командалар жана дене тарбия факультетинин командасы катышат.
3.3. *Биринчи лигада:* Ош МУнун факультеттери, колледждеринин профессордук-окутуучулук курамы жана кызматкерлеринен түзүлгөн командалар катышышат.
3.4. Ар бир команда окуу жүктөмү 0.5 ставкадан кем эмес, сааттык төлөмдө айкалыштыруучу болуп иштебеген кызматкерин гана командага кошо алат.
3.5. Оюнчулардын жаш курагы бөлүнбөйт жана чектелбейт.

## 4. Мелдешти өткөрүү жана өтүнүчтөрдү кабыл алуу мөөнөтү

4.1. Мелдеш 2023-жылдын 9-10-март күндөрү өткөрүлөт.
4.2. Командалардын өтүнүчтөрү (заявка)7- март саат 09:00дөн 15:00гө чейин дене тарбия факультетинде 107- каанада кабыл алынат.
4.3. Чучу кулак тартуу 2023-жылдын 9-мартында саат 09:00 дө өткөрүлөт.
4.4. Мелдештин ачылышы: 2023-жылдын 9-мартта саат 10:00 дө ОшМУнун табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин футбол аянтчасында болот.

**Кичи-футбол**

Команданын курамы 10 оюнчудан жана 1 машыктыруучудан турат.

Оюндар футзал 2008 жылдагы эрежелери менен өткөрүлөт.

Оюнга дарбазачы менен 5 оюнчу чыгат. Оюндун мөөнөтү 20 минутадан эки тайм. Оюндун жүрүшүндө алмашуулар чектелбейт, жеңүүчү командага 3 упай, тең чыгуулар 1 упай жана утулуу 0 деген упай берилип тайпадагы орундар топтогон упайлары менен аныкталат. Эгерде тайпалык оюндарда командаларда топтогон упайлар бирдей болуп чыкса анда:

- эки команданын жеке беттеши;
- бардык беттештердеги киргизилген жана өткөрүлгөн (забитых и прпущенных) топтордун айырмасы;
- бардык беттештердеги киргизилген (забитых) топтордун айырмасы;
- эскертүү жана айып кагаздарынын саны (кызыл кагаз -3 упай, сары кагаз -1 упай) менен аныкталат.

Оюндарда эки сары айып кагазын алган оюнчу кийинки бир оюндан четтетилсе, оюнда кызыл айып кагазын алган оюнчу оюндан четтетилип кийинки бир оюнду да өткөрө албайт.

Командалар эки тайпага бөлүнүп, ар бир тайпадан тайпалык оюндардын жүрүшүндө эң көп упай топтогон командалар төмөнкү система боюнча беттеш өткөрөт.

Жарым финалдык оюндар кайчылаш форматында өткөрүлөт. Эгерде берилген негизги убакытта командалардын беттеши тең чыгуу менен аяктаса, кошумча 5 минутадан эки тайм берилип андан кийин жеңүүчү команданы аныктоо үчүн 6 ченемдик айып тебүү (пенальти) сериялары өткөрүлөт.

## 7. <u>*Наразычылык (протест) жазуу*</u>

Наразычылык жазган команда калыстар тобуна оюн бүткөндөн кийин 1 сааттын ичинде жазуусу зарыл. Наразычылык жазган команданын кайрылуусу 1000 сом өлчөмдө төлөм төлөгөндөн кийин калыстар тобу тарабынан каралат. Эгерде наразычылык канааттандырылса төлөм суммасы командага кайтарылат, канааттандырылбаса төлөм мелдештин фондуна которулат.

## 8. <u>*Жеңүүчүлөрдү аныктоо жана сыйлоо*</u>

1. Жеңүүчүлөрдү сыйлоодо "жогорку лига" жана "биринчи лига" өз-өзүнчө сыйланат.
2. Ош МУнун ректорунун кубогунун жеңүүчүсүнө кубок ыйгарылат.
   Жеңүүчүлөр 1-2-3-даражадагы дипломдор, медалдар жана акчалай сыйлыктар менен сыйланышат.
3. Мелдештин жыйынтыгы менен калыстар тобу тарабынан "Мыкты оюнчу" "Мыкты чабуулчу" "Мыкты коргоочу" жана "Мыкты дарбазачы" номинацияларынын ээлери аныкталып, белектер менен сыйланышат.

***Эскертүү:*** Мелдешке катышкан ар бир команда бирдей түстүү спорттук формада катышуусу зарыл. Оюнчунун катар номери менен протоколдо көрсөтүлгөн номер дал келүүсү керек.

***Уюштуручулар:***

Ош МУнун спорт клубунун төрагасы: А. Казибеков

Башкы калыс: С. Сабиров

Байланыш телефондору: 0554 700791 0778 077794